КАРАЛДЫ
педагогикалык кеңеш
№ 1 ПРОТОКОЛ
26.08 2021-ж

БЕКИТЕМИН
№82 жалпы билим берүү
орто мектебинин директору
Исраилова А. Н.
2021-жыл

**№82 жалпы билим берүү орто мектебине окуучуларды кабыл алуунун тартиби жөнүндө**

# ЖОБО

**1. Жалпы жобо**

1.1. Бул Жобо окуучуларды мектепке кабыл алуу тартибин жөнгө салууга негизделген жана төмөндөгү укуктук ченемдердин негизинде түзүлгөн:

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы;
- БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 20.11.89-жылы бекитилген "Баланын укуктары жөнүндө" конвенция;
- №82 жалпы билим берүү орто мектебинин Уставы.

1.2.Бул жобо мектепке кабыл алуу, класстан класска жана башка мектепке которуунун тартибин аныктайт.

**2. Мектепке окуучуларды кабыл алуунун тартиби.**

2.1. № 82 жалпы билим берүү орто мектебине окуучуларды кабыл алуу тартиби Кыргыз Республикасынын жарандарынын (мектеп жашындагы балдар) жынысына, улутуна, тилине, социалдык абалына, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендигине, дин тутуусуна, саясий жана диний ынанымдарына, жашаган жерине жана башка жагдайларга карабастан башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим алуусу үчүн мектепке кабыл алууну жөнгө салат.

2.2 Кыргыз Республикасынын аймагындагы башка мамлекеттердин жарандары жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык билим алышат.

2.3. N82 жалпы билим берүү орто мектебине мектептин аймагында жашаган жана каттоосу бар мектеп жашындагы окуучулар, бош орун болгондо башка аймактын жашоочулары кабыл алынат

2.4. Мекеменин буйругу менен окуучулардын кыймылы теске салынып, алфавиттик китепке жана класстык журналга буйруктар жазат

2.5 Мектепке кабыл алынган окуучулардын ата-энелери (аларды алмаштырган мыйзамдуу өкүлдөрү) мектептин уставы жана ички тартип эрежелери, окуучулардын ата-энелеринин укуктары жана милдеттери менен таанышат жана арызга таанышкандыгы боюнча арыздын ээсинин колу коюлат.

2.6. Окуучулары 1-класска кабыл алуу электрондук каттоо аркылуу жүргүзүлөт

2.7.Мектепке кабыл алуу үчүн ата-эненин өзүнүн арызы (мыйзамдуу өкүл), документтеринин түп нускасы:

- окуучунун фамилиясы, аты, атасынын аты(окуучунун өзү), окуучунун индентификациялык номери ИНН.

Сканировано с CamScanner